УДК 81'367.2

Ибраева Д.А.

*И.Арабаев ат. КМУ*

# СҮЙЛӨМДҮН МОДАЛДУУЛУГУ МАСЕЛЕСИНЕ КАРАТА

*Макалада сүйлөмдүн модалдуулугу жана аны уюштуруучу каражаттар, бул маселелердин айрым тилчи-илимпоздор тарабынан каралышы боюнча талдоо берилген.*

Сүйлөмдүн структуралык схемасы жана анын негизинде түзүлгөн сүйлөм иерархиялык мүнөздө түзүлгөн бир канча тилдик маанини билдирет. Баарынан мурда, бардык мындай типтер үчүн сүйлөмдүн баяндоочтук негизи синтактистик бирдик катары каралат жана ошондой эле аларды жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксистик категориясына бириктирген грамматикалык мааниге ээ. Ушундай маани, категория болуп баяндоочтук эсептелет, ал формалдык синтаксистик каражаттын бүтүн комплексинде тигил же бул убактылуу чындык планы менен катыштык мамиледе. Сүйлөмдүн структуралык схемасы грамматикалык касиетке ээ, ал эмне жөнүндө билдирсе белгилегенге, же убакыт боюнча (азыркы, өткөн же боло турган) чындыкты жүргүзүүгө же мүмкүндүктү, көңүлдөгүнү талап кылганга мүмкүндүк берет. “Эгерде убакыт боюнча жүргүзүлсө, анда бул чындыктын планы же убактылуу аныкталуусу. Эгерде убакыт аныкталбаса, анда бул ирреалдуулук планы. Убакыт мааниси жана чындык (ирреалдуулук бирге коюлган; булардын маанисинин комплекси объективдүү-модалдык мааниси же объективдик модалдуулук деп аталат” [12:86].

Модалдуулук сүйлөмдүн негизги белгилеринин бири болуп эсептелет. “Модалдуулук анын каалагандай көргөзгөнүндө – бул, баарынан мурда, сүйлөөчүнүн мамилесин билдиргендеги чындыгы” [14:178]. Тил илиминде модалдык маанинин негизги эки тибин бөлүү кабыл алынган: объективдүү-модалдык жана субъективдүү-модалдык. Эгерде объективдүү-модалдык маани билдирүүчүнүн мамилесинин мүнөзүн берсе, субъективдүү-модалдык маани сүйлөөчүнүн мамилесин билдирүүчүгө билдирет [8:152]. Кээ бир лингвисттер модалдык мамиленин үчүнчү тибин бөлүшөт – аракеттин жана анын өкүлүнүн ортосундагы мамиле. Модалдык маанинин ар кандай типтеринин калыптанышы жөнүндө суроо деталдуу иштелип чыккан эмес. Объективдүү модалдуулук – бул чындыктагы айтуучунун чыныгы көз карашы менен айтылганын туюндурган мамилесинин чындыкка ылайыктуу же ылайыксыздыгы. Субъективдүү модалдуулукка маанисинин күчөтүлгөн экспрессивдүү баасы, ишеничтүүлүгү же ишеничтүү эместиги, аныкталуусу же аныкталбастыгы, макулдугу же макул эместиги жана башка бир катар мааниси кирет. Модалдуулуктун үчүнчү тиби мүмкүндүк, каалагандык, керектүүлүк, милдеттүүлүк маанисин бириктирет.

Кээ бир лингвисттер модалдуулуктун өзүнүн өзгөчө тилдик категория катары жашашына күмөн коюшат. И.П.Распопов: “Чындыгында, модалдуулук эч кандай категория, айрыкча, ушул терминдин грамматикалык маанисиндеги категориядай ... жашабайт”, - деп жазат. [13:10].

Т.П.Ломтев ушул көз караштын маңызын колдоп, модалдуулук мүнөздүн грамматикалык категориясы бир системаны пайда кылат, “бирок модалдуулуктун бир грамматикалык категориясы эмес”, - деп далилдейт. [11:91]. Ушул айтылгандар, чындыгында, кокустук эмес.

В.В.Виноградов модалдуулукту билдирген грамматикалык жана лексикалык каражатты сүйлөм менен тыгыз байланышта карайт, анда, албетте, модалдуулук бул – синтаксистин категориясы деп далилдейт. Окумуштуу тилдеги модалдык мамилени билдирген эң эле типтүү каражатты көргөзүп, модалдуулукту сүйлөмдүн башкы грамматикалык касиетинин бири деп эсептеп, модалдуулук категориясынын лингвистикалык мазмунун аныктаган. “Ар бир сүйлөм өзүнчө маанилүү конструкциялык белги катары модалдык маанини кошот, анда, албетте, өзүнө чындыктагы мамилени көргөзгөндү камтыйт. Каалагандай бүтүндү билдирген ой, сезим, каалоо бир сүйлөмдүн интонациялык схемасына кирет жана модалдуулуктун категориясын пайда кылган өзүнүн

жыйындысында бул синтаксистик маанини билдирет” [4:55-56].

В.В.Виноградовдун оюу боюнча, “сүйлөм өзүнүн структурасы боюнча морфологиялык категорияда негизделет, бирок алар эң эле кенен синтаксистик категория менен байланышкан. Модалдуулук жана убакыт категориясы, ошондой эле жак категориясын билдирүү мамилесин чындыкта билдирип, кеңири синтаксистик планда баяндоочтук жалпы түшүнүккө киришет” [4:77]. В.В.Виноградовдун эмгегинде биринчи жолу сүйлөмгө ар тараптан жана толук мүнөздөмө берилген болчу. Ал баяндоочтун негизги белгилери катары модалдуулукту, убакытты жана жакты бөлөт.

В.В.Виноградовго чейин классикалык тил илиминде модалдуулукту логикалык жана психологиялык планда карап келишкен. Белгилүү орус лингвисттери А.К.Востоков, А.И.Давыдов, Ф.И.Буслаев, А.А.Потебня, А.А.Шахматов, А.М.Пешковский модалдуулукту баяндоочтук жана этиш менен тыгыз байланышта изилдешкен. Мисалы, академик А.И.Давыдов ыңгай – модалдуулукту билдирүүнүн жалгыз каражаты деп эсептейт. Ф.И.Буслаев сүйлөмдүн жана пикирдин ортосундагы айырманы көрбөйт. “Сүйлөм – бул сөздүн жардамы менен берилген пикир. Этиштин ыңгайы пикирдин формасына ылайык келет” [3:328].

Сөзсүз, модалдуулуктун лингвистикалык категориясынын семантикалык негизин пикир модалдуулугу түзөт. Бирок тилдик каражатта билдирилген логикалык модалдуулукту жалпы модалдуулукка окшоштурбаш керек. Анын ар бири өз алдынча категория: логикалык модалдуулук – бул ойлоо категориясы, а тил аркылуу билдирилген модалдуулук – бул лингвистикалык категория.

Түркологияда бул маселенин көп аспектилери боюнча, өзгөчө, баяндоочтук жана модалдуулук, баяндоочтук менен модалдуулук жана этиш ыңгайларынын карым-катышы суроолору боюнча ар кандай көз караштар бар.

А.Н.Кононовдун түрк жана өзбек тилиндеги грамматикалык түзүлүшкө арналган эмгегинде модалдуулуктун көбүрөөк аспектиси терең анализденип, модалдык мамилени билдирген каражат изилденген.

Модалдуулуктун ар кандай суроолору азербайжан лингвисттери А.Securityализаде, Ф.Р.Зейналов, Н.Г.Агазаде ж.б. эмгектеринде каралганын А.Н.Кононов белгилеген [9: 19].

Ф.Р.Зейналов модалдык маанинин чегин абдан так койгон: “Тилде модалдуулук түшүнүгү сүйлөөчүнүн чындыкты, мүмкүндүктү, керектүү, болжолдуу жана башкаларды аныктаган, мазмундун мамилесин чындыкка чагылдырган, грамматикалык мамилелердин жыйындысын туюндурат” [7: 95].

Н.Г.Агазаденин түздөн-түз издөө объектиси болуп этиштик ыңгай эсептелген. Ал: “модалдуулук грамматикалык категория катары синтаксистик мүнөздү алып жүрөт, бул модалдуулукту билдирген ыңгай сөздүн формасын өзгөрткөндүктөн, албетте, этиште морфологиялык категория болуп эсептелет” [2: 5] деп жазат.

Башкыр тил илиминде модалдуулук мамилесинин кээ бир аспектилери Н.К.Дмитриевдин эмгегинде каралган. Ал этиштик ыңгайдын семантикалык мазмунун модалдык жана этиштик форма катары аныктап, эки чоң топко бөлдү:

1) ыңгай – этиштин өздүк формасы катары,

2) даража – этиштин өздүк эмес формасы катары [5:132]. М.В.Зайнуллин модалдуулукту функционалдуу семантикалык категория катары каралган. Ал модалдуулукту, баарынан мурда, каршы коюлган семантикалык эки типке бөлөт:

1) чындыктагы же чыныгы модалдуулук;

2) чындыкта эмес же чын эмес модалдуулук.

“Өз кезегинде, чындыктагы модалдуулук, - деп жазат окумуштуу, - төмөнкү семантикалык түрлөргө түшөт:

а) керектүү, милдеттүү модалдуулук;

б) мүмкүн жана мүмкүн эмес модалдуулук;

в) козгоочу модалдуулук;

г) көңүлдөгү модалдуулук;

д) каалоо  модалдуулугу;

е) болжолдуу  модалдуулук” [6:31-32].

Татар тил илиминде модалдуулук маселеси М.З.Закиев, Д.Г.Тумашева, Р.Г.Сибагатов, Р.Г.Минниахметов жана башкалар тарабынан каралган. М.З.Закиев баяндоочтуулук жана модалдуулук түшүнүгүн так чектеген, ошондой эле анын билдирген каражаттарын анализдеген [Закиев, 1995:395]. Окумуштуу модалдык  маанинин  алкагына сүйлөөчүнүн  эмоционалдык баасын  да кошот.

Д.Г.Тумашева  модалдык сөздүн семантикалык көлөмүн жана чек арасын бөлөт. Ал модалдыкты өзүнүн мааниси боюнча негизги, корутундулоону жана ойдун  иреттүүлүгүн белгилеген киринди сөз болуп эсептелбейт  деп  далилдешет [15: 113].

Р.Г.Сибагатов  сүйлөмдүн модалдык конституэнти  жөнүндө суроону бир канча аспектиде карайт:

1) тилдик каражат системасындагы мамиле боюнча,

2) сүйлөмдүн түзүлүшүндөгү мамиле боюнча,

3) түзүлүштүн аткарылган функциясы боюнча,

4) ички структура боюнча”  [14: 198-199].

Модалдуулук  мааниси тил системасынын  ар түрдүү деңгээлдеринде кездешет, мына ошол себептен лингвисттердин арасында келишпестиктер болушу мүмкүн. Бирок ар кандай тилдердин материалында модалдуулукту  билдирген  каражаттар ар түрдүү аныкталат.

Н.Ю.Шведованын ою боюнча, орус тилинин модалдык каражаттарына төмөнкүлөр кирет: ыңгай, сүйлөмдүн өзгөчө түзүлүшү, сөз тартиби, кайталоо, бөлүкчө, сырдык сөз, киринди сөз  жана  сүйлөм [16: 512-545, 611-614].

М.З.Закиев татар тилиндеги  модалдуулук  ыңгайды жана чакты, сүйлөмдүн өзгөчө түзүлүшүн, бөлүкчө, бөлүкчөнүн ролундагы суроолуу  ат атоочту,  сырдык сөздү, сөз тартибин, интонацияны, киринди сөздү жана сүйлөмдү, кайрылууну билдирет деп эсептейт. М.З.Закиев модалдуулукту  билдирген  каражатка ошондой эле жардамчы сөздү киргизет [Закиев, 1995:395-396].

М.В.Зайнуллин  башкыр тилинде модалдуулукту билдирүүнү, баарынан  мурда, ыңгай грамматикалык категориясы менен байланыштырат жана модалдык каражаттарга кээ бир аналитикалык этиштерди, 6:34].

Талдоого алган  илимий адабияттардагы  модалдуулук теориясы боюнча пикирлер бул түшүнүктү мындайча корутундулаганга мүмкүндүк түздү:

1) фонетика (интонация),

2) лексика (сөздүн ар түрдүү тобу),

3) морфология (ыңгай, убак, жак),

4) синтаксис (сүйлөмдүн түзүлүшү, сөз тартиби, сөз айкашы). Мындай көп түрдүүлүктү бир жалпы категорияга бириктирүү карама-каршылыктарды  пайда кылбай койбойт. Модалдуулукту билдирүүнүн жогорудагы бардык каражаттары  сүйлөмдүн деңгээлинде  өзүнүн функциясын ишке ашырат. Демек, модалдуулук  сүйлөмдүн бир негизги белгиси болуп эсептелет.

Адабияттар:


1. Азыркы кыргыз адабий тили. – Б., 2009

2. Агазаде Н.Г. К вопросу о категории наклонения и модальности в современном азербайджанском языке. - Баку: Изд-во АН Аз. ССР, 1965.

3. Буслаев Ф.И. Историческая грамматика русского языка. -М.: Учпедгиз, 1959.

4. Виноградов В.В. Избранные труды. Исследования по русской грамматике. -М.: Наука, 1975.

5. Дмитриев Н.К. Грамматика башкирского языка. -М.-Л: Изд-во АН СССР, 1948.

6. Зайнуллин М.В. Модальность как функционально-семантическая категория: на

материале башкирского языка. -Саратов: Изд-во Саратовского университета, 1986.

7. Зейналов Ф.Р. Категория модальности и способы ее выражения в тюркских языках. // Советская тюркология. -1970. - № 2. - С. 95.

8. Золотова Г.А. Очерк функционального синтаксиса русского языка. -М.: Наука, 1973.

9. Кононов Л.Н. Грамматика современного узбекского литературного языка. -М.-Л.: Изд-во АН СССР, 1975.

10. Ломтев Т.П. Предложение и его грамматические категории. -М.: Изд-во Московского университета, 1972.

11. Ломтев Т.П. Принципы построения формулы предложения // Филологические науки. 1969. - № 5. - С. 91.

12. Меньшиков И.И. Модель предложения и его парадигма. Учебное пособие. - Днепропетровск: Издательство Днепропетровского университета, 1980.

13. Распопов И.П. Очерки по теории синтаксиса. -Воронеж: Издательство Воронежского университета, 1983.

14. Сибагатов Р.Г. Теория предикативности. -Саратов: Издательство Саратовского университета, 1984.

15. Тумашева Д.Н. Хозерге татар эдэби теле морфологиясе. -Казан: Казан университеты нэшрияты, 1964.

16. Шведова Н.Ю. О соотношении грамматической и семантической структуры предложения // Славянское языкознание. -М.: Наука, 1970.